| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**V-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №10/2**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 8-июлу

**Мониторинг комиссиясын түзүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл аймагы боюнча ар кандай долбоорлор менен ишке ашырылуучу курулуш, имараттарды капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү маселелери боюнча иш башталгандан баштап, аяктаганга чейин иштин жүрүшүнө жана аткарылган жумуштардын сапаттуу бүткөрүлүшүнө көзөмөлдүк жүргүзүп туруу үчүн мониторинг комиссиясын түзүү жөнүндө депутаттардын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык кенешинин V-кезексиз сессиясы, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айыл аймагында ар кандай долбоорлор менен ишке ашырылуучу курулуш, имараттарды капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү маселелери боюнча иш башталгандан баштап, аяктаганга чейин иштин жүрүшүнө жана аткарылган жумуштардын сапаттуу бүткөрүлүшүнө көзөмөлдүк жүргүзүп туруу үчүн төмөндөгүдөй курамдан турган мониторинг комиссиясы түзүлсүн:
   1) М.Акматалиева – Айылдык кенештин төрайымы, мониторинг комиссиясынын төрайымы;
   2) М.Мамыткожоев – айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, мониторинг комиссиясынын мүчөсү;
   3) А.Молдокадыров – айылдык кенештин депутаты, мониторинг комиссиясынын мүчөсү;
   4) Эсенбек уулу Азим – айылдык кенештин депутаты, мониторинг комиссиясынын мүчөсү;
   5) Жайлообек уулу Чыныбек - жаштар уюмунун мүчөсү, мониторинг комиссиясынын мүчөсү (макулдашуу боюнча);
   6) Дайырбек уулу Самат - жаштар уюмунун мүчөсү, мониторинг комиссиясынын мүчөсү (макулдашуу боюнча);
   7) Шергазы уулу Байжан - жаштар уюмунун мүчөсү, мониторинг комиссиясынын мүчөсү (макулдашуу боюнча).

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**